БЕКИТЕМИН
№5 ЖББОМнин
директору___________
Ж.М.Белекова
«01» 09 2022-ж.

# Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобосу

## I.Жалпы жобо

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык №5 жалпы билим берүү орто мектебинин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2. Бул жобо-нормативдүү документ,билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт.

1.3. Билим сапатын көзөмөлдөө-билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири.

1.4. Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү азыркы учурда билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы.Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү заманбын талабы.

1.5. Билим сапатын козөмөлдөө системасы мугалимдин ишинин сапатын аныктоого багытталат.

1.6. Окуу максаты-билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым-байланыш. Билим берүүнүн сапатын-билим берүүнүн систкмасына мүнөздөмө берүү.

**1.7. Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр**:

1. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары.
2 Бирикме жетекчилери.
Аткаруучулар предметтик мугалимдер.

## II Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби

2.1. Мектеп билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки жолу- биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргузүү пландаштырылат.

2.2. Көзөмөл жүргүзүүгө календардлык-тематикалык планда саат бөлүнүп,окуучулардын ишине баалоо жүргүзүү класстык журналга түшүрүлөт.
2.3. Козөмөл жүргүзүүнү уюштуруу,талдоо жүргүзүү,жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт.
2.4. Мектептин окуу жылынын башында бекитилген окуу-тарбия процессинин жалпы планына ылайык түзүлгөн график боюнча козөмөл жүргүзүүгө предметтик мугалимдер милдеттүү.
2.5. Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып,талданып,окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.

**Административдик көзөмөл жүргүзүү иштерин алуу графиги 2021-2022-окуу жылы**

(Билим сапатын текшерүү)

| № | Предметтер | Классы | | 1 жарым жылдык | 2 жарым жылдык | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 ж.ж. | 2ж.ж. | | | |
| 1 | Кыргыз тили<br>Орус тили<br>Англис тили | 5-11-кл.<br>5-11-кл.<br>5-11-кл. | 5-11-кл.<br>5-11-кл.<br>5-11-кл. | Октябрдын 1-2-жумасы | Февралдын 2-3-жумасы | Билим сапатын текшерип,баштапкы мониторингди жүргүзүү.(октябрь 1-жарым жылдыктагы(октябрь айындагы)жыйынтык менен салыштырып анализдөө (февраль) |
| 2 | Табият таануу<br>География<br>Биология<br>Химия | -<br>6-11-кл.<br>7-11-кл.<br>9-11-кл. | 5-кл.<br>6-11-кл.<br>6-11-кл.<br>8-11-кл. | Октябрдын 3-4-жумасы | Марттын 2-3-жумасы | Билим сапатын текшерип, мониторинг жүргүзүү.(октябрь) Окуучулардын билим сапатын текшерүү,октябрь айындагы жыйынтык менен салыштырып анализ жүргүзүү(март) |
| 3 | Тарых<br>Адам жана коом<br>Математика<br>Информатика<br>Физика | 5-11-кл.<br>5,6,9-11-кл.<br>5-11-кл.<br>6-9-кл.<br>7-11-кл. | 5-11-кл.<br>5,6,9-11-кл.<br>5-11-кл.<br>5-9-кл | Ноябрдын 3-4-жумасы | Апрелдин 1-2-жумасы | Билим сапатын текшерип,мониторинг жүргүзүү,(ноябрь) Ноябрь айындагы жыйынтык менен салыштырып анализдөө (апрель) |

ОББсы__________О.К.Ысмайылова